«Бекитемин»

Мектеп директору

Кадырова М.М. ________

**Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин Өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө инструкция**

**1.Коопсуздуктун жалпы талаптары.**

1.1.Ушул инструкция Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугунун эрежелеринин талаптарынын негизинде түзүлгөн жана мектептин кызматкерлери жана окуучулары аткарууга милдеттүү.

1.2. Өрт коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрүлгөндөн кийин мектептин кызматкерлери жумушка киргизилет жана жаңы жумушка которулганда кошумча өрт коопсуздугу боюнча билим берилет.

1.3.Эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча журналга инструктаж өткөрүлгөндүгү боюнча кызматкерлер белгиленет.

1.4.Өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндөгү инструкция бузулганда, күнөлүүлөр Кыргыз Республикасынын административдик,кылмыштык, тартиптик мыйзамдарынын чегинде жазага тартылат.

**2.Өрт коопсуздугун камсыздоо боюнча уюштуруу иш- чаралары**.

2.1.Класс- кабинеттердин өрткө каршы абалын камсыздоо жоопкерчилиги кабинет башчыларына жүктөлөт. Коридор, минизалдардын, фаенин өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги чарба башчысына жүктөлөт.Мектептин жумуш эмес учурундагы өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги кароолчуга жүктөлөт.

2.2.Мектептин аянтынын абалы дайыма таза болушу керек.Мектептин аянтынан дайыма чыккан таштандылар, кургак жалбырак, чөптөр мектептин сыртына ташылып кетиши керек.

2.3.Мектептин ички бөлүгү дайыма таза болуп турушу керек.Эвакуациялык жолдорду, өтүүчү жолдорду тосууга тыюу салынат.Эшиктер тез ачыла тургандай жасалышы керек.Терезелер, эшиктер тордолбойт.

2.4.Өрт крандары кол кап таякчалары менен жабдылып,шкафтарга пломбланып салынышы керек.

2.5.Мектептин ичиндеги крандар техникалык кызматтан жыл сайын өткөрүлүп, сууну кое берүү жолу менен иштегендиги текшерилип турат.

2.6.Өрт автоматикасын орнотуу автоматтык абалда эксплуатацияланат жана сутка ичинде жумушка жөндөмдүү болушу керек.

2.7.Өрт өчүрүүчү шаймандар оңой, күндун нуру тийбеген, балдардын бою жетпегендей жерде болушу керек.

2.8. 2.8. Сабактар бүткөндөн кийин мектептин кызматкерлери өздөрүнүн жооптуу кабинеттерин, коридорлорду дыкат текшерип, андан кийин жабат.

2.9. Бузулган электр булактарын жана электр жабдууларын өрт кооптуулгуна жеткирбей өчүрүү же колдонбоо зарыл.

**3.Тыюу салынат:**

-мектептин тегерегинде таштандыны өрттөгөнгө жана от жагууга;

-мектептин аянтында тамеки тартууга;

-кир кургатууга, кампа, архив куруугa;

-мектептин имаратында кызмат көрсөтүүчү персоналдарга жана башка адамдарга жашаганга;

-имараттын ичинде тез күйүүчү материалдарды, күйүүчү суюктуктарды сактаганга жана колдого;

-дубал жана потолокту күйүп кетүүгө жөндөмдүү материалдар менен жасаганга;

-эвакуациялонуучу эшиктерди мык менен урганга;

-электрприборлорун иштетип таштап кетүүгө;

- колго жасалган электротехникаларды колдонгонго;

-ачык күйгүзгүч жана өчүргүчтү колдонгонго.

**4.Авариялык абалдагы коопсуздуктун талаптары**

4.1.Электр колдонгучтар бузулганды көргөндө ( искра чыкканда,прибор күйүк жыттанганда, катуу ысып кеткенде) тезинен мектеп администрациясына билдирүү керек.

4.2.Электрприборлор күйүп, жыттанып кеткенде батыраак электр булагынан өчүрүү керек, өрт чыгып кетсе, тез арада жакынкы өрт өчүрүүчү бөлүмгө билдирүү керек жана өрт өчүрүүчү шаймандарды, кумду колдонуу керек.

4.3.Эгерде лабораторияда идиш сынса аны щетка жана калак менен кармоо керек.

4.4.Сынык,күйүк болгон кезде 1-медициналык жардамды берип, мектеп администрациясына билдирүү керек.

**5.Жумуш бүткөндөгү коопсуздуктун талаптары:**

5.1.Электрприборлорун ток булагынан жана сайгычтардан өчүрүү керек.

5.2.Лабораториялык шкафка приборлорду киргизип, жумушчу орунду тазалап, ирээттеп кетүү керек.

5.3.Атайын кийинүүчү форманы чечип, колду самын менен таза жуу.